С кырг
С 95

Айбарчын
Сыдыкова

# МАХАБАТ ЫЙЫК СЕЗИМ

Ош-2018



**Сыдыкова Айбарчын Жапановна.**

1967-жылы 27-июлда, Талас облусунун Киров районундагы, Бейшеке айылында төрөлгөн

1987-жылы Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы [illegible] атындагы орто [illegible]

[illegible] телестудиясынын [illegible] унун бири.

[illegible] лама – маркетинг [illegible] сында редактор.

[illegible] ында техникалык [illegible] иштеп келе жатат.

[illegible] т беттеринде жана [illegible]

[illegible] ң мыкты адиси»- [illegible] айымы» ордени, [illegible] блустук, шаардык [illegible]

[illegible] автору. Жазган [illegible]

[illegible] чагылдырууда, [illegible] коштоодо эмгеги [illegible]

[illegible] дын энеси жана [illegible]

Скогр
С 95
1ср.

АЙБАРЧЫН СЫДЫКОВА

# МАХАБАТ-ЫЙЫК СЕЗИМ



Ош-2018

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483180

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 25

С 25Айбарчын Сыдыкова.
Махабат-ыйык сезим. Ырлар- Б.:Ош 2017- 76 бет

ISBN 978-9967-15-484

Жыйнак ыр дүйнө ааламында көп жылдап түйшүк кылган акындар сыяктуу ырлары жандуу, чыйрак, жүрөктү толкундаткан керемет саптарга ээ.Туулган жерди энсөө, сагынуу, ата-эне, турмуш-тиричилик, тагдыр, сүйүү жөнүндө толгонуу темасына көңүл бурулган. Жалпы окурмандарды бул китеп кайдыгер калтырбайт.

С47023000200-17
ISBN 978-9967-15-484

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Сыдыкова А.2017



# Ааламдын амандыгын тилеген акын



Адам – кызык жаралган зат, кээде эгерим колу жетпеген ишке, оюу менен жетип алып, ошондон каниет алып, ошого курсант болот. Ал тынымсыз өзүн- өзү издейт, өзүн-өзү кыйнайт, өз мүмкүнчүлүгүнөн ашыкты көксөйт. Насилинде так ошол көксөө менен изденүү гана адам турмушун байытып, улам жаңылык жаратып, эртеңкиге умтулуп, үмүт берип жашоону улайт.Ансыз турмушубуз бир беткей жана кызыксыз болуп калмак, анан эмей, эт чапкан адам эт чаап, чөп чапкан адам чөп чаап эптеп үй- бүлө багып, күн өткөрүп жүрө берсе, башка бир кызыкчылыгы болбосо- ошонун эмнеси жашоо?

Ар бир адам- жан дилинде колу жеткенге шүгүр кылып туруп кала албаган, дагы бийиктикке, дагы алдыга жылууну көксөгөн каниет билбеген өжөр макулук. Мындайда ким бирөөлөр чексиз бийлик, үстөмдүккө умтулат, дагы бири акча, дүйнө- мүлк топтойт, кайсы бирлери бар күчүн өнөргө чыгарат. Эмесе, төмөнкү ыр саптарды окуп көрөлүчү.

Кээде өйдө, кээде төмөн тирилик.
Көр оокат деп өттү күндөр жүгүрүп.
Карап көрсөң- көп окшойтто жашоодо.
Күрөшүүдөн моюн сунуу бүгүлүп…

Көрүп турганыңыздардай, бул ыр- өз колу жеткенге алымсынып отуруп калбаган, жеке өзүмө гана болсун дебеген эли- журтун кийинки муундарга да үлгү- нуска болоорлук бир эмгек калтырсам деген адамдын ички туйгусу.

Чын –чынына келгенде мындай ою ар бир эле пенденин башында бар, бирок ошол ой, ошол ниетти чебердик менен төрт сап ырга батырып, ички оюн таасын айта алган адам гана Акын деп аталат.Демек, мына ушул чен- өлчөм менен карасак, бул саптардын автору Айбарчын Сыдыкова жан дүйнөсүнөн ак булут уялаган, ички туюмунда бирде ошол булуттай түнөрсө, бирде чайыттай ачылган, бирде тамчы түшпөгөн чөлдөй куйкаласа, бирде ак жаан болуп нөшөрлөй алган инсан деген ишеним келип чыгат. Мындай ойго анын ырларың окуган ар бир адам туш болсо керек.

Мына карап көрөлүчү:
Кыйынын сезип замандын.
Тагдырын ойлойм адамдын.
Таң нуру менен тең туруп.
Аманын тилейм ааламдын.

*******
Жанымды жанга уруп ыйлаптырмын.
Жанчылып жан дүйнөмдү кыйнаптырмын,
Жашоодо сендейлерди көрбөй туруп,
Кайдагы бирөө үчүн сыздаптырмын.

*******
Кубат берип жан дүйнөгө өмүргө.
Күн –дарысың адамзатка өмүргө.
Салам берем Кудуреттүү Күн сага,
Алтын нуруң өмүр кошсун өмүргө!





Мына эми өзүңүз калыс болуңуз, окурман ушуга окшогон таңкы шүүдүрүмдөй мөлтүр саптарды жараткан Айбарчын ушул кадамынан жазбаса, келечекте калеми төшөлгөн, адам жан дүйнөсүн рентгенсиз аңтара билген адис акын болот деп үмүт артсак болобу? Менимче болот!

Анткени:
Турмуш болсо- болот дечи муң- кайгы.
Жаман көрүп жүрөккө так калбайлы.
Калган көңүл чөптүн деле жытына.
Чөбөгөдөй эрий түшөт турбайбы…

деген сыяктуу саптар акындыкта кыйла тажрыйба арттырган турмуштун тиги же бул жагдайы тууралуу ой жүгүртө гана билбестен, ошол ойлогонун чебердик менен ырга айландыра алган адамдын гана колунан келет.

Не демекпиз, акындын тырмак алды китебине ак жол каалайлы, жолу байсалдуу болсун, ыраматылык Карл Маркс өзүнүн айтылуу«Комманифесттин», «Европаны бир караан, коммунизмдин караааны аралап жүрөт» деп баштаганы эсиңиздерде болсо керек. Анын сыңарындай «Кыргыз адабиятын бир караан-Айбарчын Сыдыкова деген акындын карааны аралап жүргөнүнө» ушул ыр жыйнак айныксыз далил болсун!!!

Айбарчын Сыдыкова бир ырында:
Тулпар минип жете турган жер эмес.
Жолу татаал болот тура бакыттын, - деген ойду айтат. Эмесе, Айбарчын, ошол татаал жолуң ийгиликтүү болсун, жол жүрүп бараткан киши: «Эч качан жыгылбаган адам эмес, жыгылып кайра туруп, өз жолун улап кеткен киши гана чыныгы адам экенин» унутпоого тийиш!

*Самидин Стамбеков-акын,*
Жалал-Абад облусунун
жазуучулар союзунун төрагасы

# Таалайлуу элдин талантту кызы

***(Поэзия жана проза ышкыбозу Айбарчын Сыдыкованын чыгармачылык бейнесине сүртүмдөр)***



Чалкып жаткан Чаткал аймагы кылымдардан – кылымдарга өзүнүн ажайып кооз өрөөнү, асман чийген аска – зоолору, күмүш тыйындардын шыңгырагындай үн салып аккан тунук булактары, килемдин бетине түшүрүлгөн гүлгүн оюм – чийимдердей жайнаган гүлдөрү, дарылык касиети өлчөмсүз чөп – өсүмдүктөрү, ысымдары тарыхка айланган касиеттүү адамдар аягын койгон алтын топурагы менен даңазаланган, төгөрөгү төп келген аймак. Кыргыз жеринин бир канаты сымал этеги тээ Ташкентке чукулдап барса, төр тарабы Талас аймагы менен коюндашып, тоолоруна жайы – кышы кебездей апакай булуттар түнөп, асыл эненин мээриминдей жанга жагымдуу жаратылышы тоолук элин өз койнунда алпештеп, жайкы аптапта ысыгынан, кышкы бороондо суугунан калкалап кележатат.

Мындай аймакта жашаган уюткулуу элден өргө канат сермеген өнөрлүүлөр, ажайып жаратылышынан таасирленген таланттуулар чыкпай коймокпу! Албетте чыгат, көз талдырган өрөөнүн обонго толтурган жылаажын үндүү ырчылар чыгат, шекер сөздү мөндүрдөй төккөн акындар чыгат, жалпы кыргызынын сыймыгы, мактанычы болгон ажарлуу айымдар, калкынын калдайган ишеничи болон эр көкүрөк мырзалар чыгат!

Айбарчын да ушул айтылуу аймактын кызы. Жарык дүйнөгө келгенден тарта таза абадан дем алып, денесинде тоолук кыргыздын каны ойноп, секелек кезинен ат жалында өскөн кыз. Кыял – мүнөзү да тоолуктардын





мүнөзүндөй шар, пейили Чаткалынын шаркырап аккан суусундай ачык – айрым, аруу жана таптаза. Мындай кулк – мүнөзгө эгедер адамды ар дайым көңүл кушун көкөлөткөн эргүү, шайдооттукка чакырган шык – жөндөм, анан да таланттын алтын теңгедей жылтылдаган учкундары төрөлгөндөн баштап эле жандап жүрөт эмеспи!

Айбарчындын зиректиги да «Алиппени» кучактап ак мектепке баргандан тарта эле билинген. Алгачкы мезгилдерден баштап алдыңкы окуучулардын катарында болуп, ак пейил агай – эжейлеринин сыймыгына айланган. Балдай таттуу балалык кыялдары менен келечекке ой чабыттатып, «калкыма ак кызмат өтөсөм, чалкып жаткан аймагымдын татыктуу кыздарынан болсом» деген пакиза максаттар менен жашаган. Ошол жылдары жаштыгына карабай поэзиянын түйшүктүү айдыңына канат сермеп, балалыктын баео сезимдери менен келечегинен үмүттөндүргөн ырларды жазган. Ал ырлары алгач өзү окуган мектептин дубал гезитине жарыяланып, бара бара райондук, облустук гезиттердин беттеринен байма – бай жарык көргөн.

Жетилүү аттестатын алгандан кийин Жалал – Абаддагы педагогикалык окуу жайынан билим алып, 1987 – жылы Каныш – Кыя айылындагы С. Байдөөлөтов атындагы орто мектепке мугалим болуп келген. Жаш жеткинчектерге бышык билим берип, күн – түн дебей тынымсыз иштеп мугалимдик тажрыйбасын арттырган. Бул мезгилде да чыгармачылык жаатындагы аракетине танапис жасаган эмес, эч кимге жарыя айтпай, таршан кылбай эле талантын астейдил таптай берген. Ошондуктан эргүүлөрдүн толкуган, жанды жай алдырбаган деми аны дал ушул чыгармачылык майданга чакырып туруп алгандай. Минтип айтып жатканыбыздын себеби, ал 2001-жылы Чаткал райондук «Кыял ТВ» телестудиясын ачуунун демилгечилеринин бири болуп калган. Жергиликтүү телекөрсөтүү студиясын ачуу, аны керектүү жабдуулар менен

камсыздоо, курамды шыктуу кадрлар менен толуктоо жеңил – желпи иш эмес. Бул жерде Айбарчын кажыбас кайратын, ноюбаган уюштуруучулук жөндөмүн көрсөткөн.

Тагдырдын буйругу менен да эсептешпегенге мүмкүн эмес. Дал ошондой буркан – шаркан турмуш, ой жеткен менен сунган колду жеткирбеген оош – кыйыш заман аны 2005-жылы Ош шаарына алып келген. Ал бир жагынан уул – кызынын ойдогудай билим алуусун, жогорку билимге ээ болууларын көздөп 30 кылымдык тарыхы бар шаарга байырлап калган.

Алгач Айбарчын Сыдыкова ал кездеги «Ош-3000» мамлекеттик телерадио компаниясында режиссердук кызматта эмгектенди. Эки жылдан соң ушул эле жерде реклама-маркетинг жана эл аралык тышкы байланыштар дирекциясынын редактору кызматына көтөрүлдү. Ал эми 2008-жылы «Ош-3000» мамлекеттик телерадио компаниясы республикалык деңгээлдеги «ЭлТР» коомдук телерадио компаниясы болуп кайра түзүлгөндөн тарта техникалык жактан көзөмөлдөө бөлүмүндө инженердик кызматты аркалап, бул жоопту кызматында ушул кезге дейре талыкпай эмгектенип келе жатат.Ошол эле жылдары ал уулуна да, кызына да жогорку билим алууга шарт түзүп, өзү да жогорку билиге ээ болууга жетишти. Бул жалгыз бой айым үчүн чоң эрдик, баасы кымбат жеңиш эмей эмине!

Кийинки жылдары Айбарчын чыгармачылыкка терең үңүлүп, чымыркана эмгектенип, тынымсыз изденип алда канча салмактуу, камтыган ойлору омоктуу, окурмандарынын көңүлүнө жугумдуу ырларды жазды. Анын лирикалык ырларында туулган жерге болгон сүйүү, турмуштун миң түркүн сырдуу катмарлары, эне – баланын бири – бирине болгон мээрими, ашыктык арзуулары алда канча чеберчилик менен даңазаланат. Мындан сырткары кара сөз жаатында да чыгармачылык күчүн сынап, жергебиздеги кылымдардан бери санжыра катары айтылып





келаткан, касиет менен ырыскы ыроолонгон аймактарга тыкыр иликтөөлөрдү, изилдөөлөрдү жүргүзүп, эл оозунда айтылган жөндүү баяндарга таянып

**«Ыйык жерлер баяны»** аттуу китебин басмадан чыгарды. Бул китебине албетте, көз мөнчоктой болуп көңүлгө жылуулук тартууланган ырларынан да кийирди.

Айбарчындын уккулуктуу үнүн, кубулжута ырдаганын эшиттиңиз беле?! Бул жагынан да Жараткан аны куру койбой, жагымдуу шыңгыр үн берген. Анын аткаруусундагы бир нече обондуу ырлар телетасмага тартылып, угармандарга тартууланган жана жылуу кабыл алынган. Азыр анын аткаруусундагы ырлардын тасмалары «ЭлТР» мамлекеттик телерадио компаниясынын «алтын фондунда» сакталып турат.

Алдыда Айбарчын ашчу дагы – да бийик дабандар бар! Мына ошол көк мелжиген дабандардан ашууга анда турмуштук жетиштүү тажрыйба, кайраттуу эрк, чарчап – чаалыкпай турган күч – кубат бар! Ушул тапта каарманыбыз экинчи, үчүнчү китебинин үстүндө чымыркана иштеп жаткан кези. Бул китеби да өз окурмандарынын жүрөгүнөн түнөк таап, колдон түшпөгөн китепке айланат деген терең ишенимдебиз!

Ажарлуу айым, чыныгы чыгармачыл инсан, максатташтарынын ишенимдүү жолдошу, уул – кызынын мээримдүү энеси Айбарчын Сыдыковага мындан аркы чыгармачылык жолунда да байсалдуу жана узак сапарды, түйшүктүү иштеринде берекелүү ийгиликтерди, башкысы – бекем ден соолукту чын ыклас менен каалайбыз! Алга карай арышты кенен таштай бер, ардактуу айым Айбарчын!

*Алымжан Молорбаев*
*Журналисттер союзунун мүчөсү*

## Чыңгызга

Ааламга аты таркаган,
Махабат дастаны менен таанылган.
Жамийла, сүйүүнү жар салган,
Дүбүртү, дүйнөгө угулган.

Чарчаган ат, эскилиги жеткен араба,
Бирин- бири аяап ыргала.
Танабай өңдөн азып шыбырайт,
«Чыда дагы көп күнүбүз бар Гүлсара»

Даркан талаа, бышкан буудай,
Жер – эне менен сырдашкан Толгонай.
Уулдарың күтөт, үмүт менен,
«Саманчынын жолун» тиктеп умсунуп ай.

Өз энесин, таанабай Жоломан,
Маңкурт болгон азыркы заман.
Миграциянын таасири арман,
Ташчайнар менен Акбара ыйлаган.

Билимдин сапатына көңүл бурган,
Дүйшөндүн мектеби, кайда калган.
Алтынай билимге, илимге жол салган,
Турналар бийиктикке жар салган.

«Бетме- бет» келген заманда,
Момун чал алсыз ансызда.
Орозкул күч алып алкынган,
Сейит сүрөт тартып, кылымга калтырган.
Жашасын, Чыңгыз сен түбөлүк!
Кыргызга эмгегиң калган күбөлүк!





## Сулайман тоо, даңкталган тоо

Пайгамбардын буту баскан, ыйык жердин улугу,
Акындардын ыр арнаган, кыргызымдын туусу.
Бабыр сындуу аалымдары, сагындырып эстеткен,
Сулайман–Тоо, даңкталган тоо Ош пиримдин сулуусу.

Ош шаарым бүгүн кулпурат,
Сан гүлдүн жыты буркурап.
Тумары сымал шаарымдын,
Сулайман – Тоосу заңгырайт.

Кең өрөөндүн көркүн ачып, Сулайман тоо турат,
Куштарланып бир көрүүгө, канча жандар умтулат.
Желбирейт чокусунда, кыргыз желеги,
Ош шаарына ашык кылган тоосу менен Ак- Буура.

Ош шаарым бүгүн кулпурат,
Сан гүлдүн жыты буркурап.
Тумары сымал шаарымдын,
Сулайман – Тоосу заңгырайт.

## Кыргызды кудай колдогон

Кайратынан кайтпаган,
Тарыхты жазып тактаган.
Көсөмдүк улуулук , адилет,
Асылдар ак ишти жактаган.

Касиеттүү кыргыз элимди,
Ар дайым өргө баштаган.
Убакыт бизге тараза,
Мезгилди карап санаса.

Улуу кыргыз атынан,
Даанышмандыкка баары жараса.
Улантып келген кааданы,
Иликтеп талдап караса.

Сыйлаган элим Мекенин,
Сезимин бийик кармаган.
Салмактуу карай заманга,
Өз Мекенин сыйлаган.

Улуулар жолун жолдогон,
Мекенди ыйык коргогон.
Кур калбай берген олжодон,
Кыргызды кудай колдогон.

17. 12. 16





## Калыс бол!

Адамдардын асылы,
Жакшыларга жакыны.
Элине эмгегин арнаган,
Абийири менен жашаган.

Токтогул күүсүн тыңдаган,
Толубай сынчы сындаган.
Элине эмгек кылганың,
Өрнөгү болдуң башканын.

Эстүүнүн сезип сырларын,
Элден болсун сындарын.
Болсун дайым ыманың,
Эл болот сенин тууганың.

Эмгегиң элге арнаган,
Келечек күндү камдагын.
Эл ичинде калыс бол!
Анда болбос, арманың...

## Жакшы кыздар

Жакшы кыздар сыймык болот элине,
Мээрим чачат акыл менен жерине.
Жаркылдаган жакшы мүнөз жар болуп,
Дем беришет элибиздин демине.

Жакшы кыздар сыймык болот элине,
Жакшылыкка жарчы болуп тегине.
Кайрымдуулук – жүрөгүнүн урааны,
Бабалары айткан сөзгө бериле.

Жакшы кыздар ак булуттай туптунук,
Жанып турган жылдыздардай кулпуруп.
Учкан куштай, Аял – Эне периште,
Колдон келсе кадырлап өт умтулуп.

## Махабат-ыйык сезим

Түн ортосу , күн тийгендей жапжарык,
Толгон айга жердин бети акталып.
Экөөбүз тең айга карап турабыз,
Табыйгаттын бүт сырына таң калып.

Махабат бул жазып турган жарпыңы,
Махабат бул, ыйык өмүр артыгы.
Сүйүп жашоо жан дүйнөмө дем берет,
Көңүлүндүн жандап турган наздыгы.

Сезимдерге саана бүлүк түшүргөн,
Арзуу сөздү эң алгач күн түшүнгөн.
Ал бир сүйүү ар бир жанды кыйноочу,
Махабат-ыйык сезим, сезимдеги.





## Бар

Турмушта эчен түркүн жаңылуу бар,
Тар жолдо, тайманбай кармашуу бар.
Заарын чачкан, көрө албастар бар,
Боорукер, акыл айткан асылдар бар.

Кээ бирөөлөр бар, жыландай сойлогон,
Жетекчиге бийге түшүп ойногон.
Керт башынын кызыкчылыгы үчүн,
Ак адамдын канын ичип тойлогон.

Ак пейил бар, көкүрөгү ачылган,
Берекелүү, агыл-төгүл чачылган.
Кокус бирөө, бир нерсени сураса,
Он эселеп, өлчөмүнөн ашырган.

Ар бир перзент, төрөлгөндө энеден,
Өмүрүнө жолдор күтөт чеneген.
Ак эмгектен, бийиктеген адам көп,
Алыстыкка аз өмүрүн теңеген.

## Бар тилегим

Акыл айтат мага далай жакшылар,
Ар тараптан, менден өйдө бакты бар.
Мени көрсө күлүмсүрөп кубантаар,
Мен билбеген далай – далай жакшы бар.

А мен болсо, адаммын бир жөнөкөй,
Аракетим астейдил өз ишиме.
Адам болуу, эне болуу – асыл сөз,
Акыл, насаат дем – күч берет өзүмө.

Бар тилегим – аман болсо балдарым,
Ошол байлык, ошол сыймык тапканым.
Ак эмгектен баар табышып турушса,
Анда жоктур бул дүйнөдө арманым.

## Жарата берсин

Айылым куттуу, алтын бешигим,
Ырыска, олжого тунган кешигим.
Элетин элинин пейилин кенендигин,
Эзелтен ата-бабам асырап келген.

Тазартып алуу үчүн жан дүйнөмдү,
Табият сага гана суктанамын.
Жаратканга чексиз ырахмат айтамын,
Алланын кудурет күчүнө таң каламын.

Суктанам табихаттын белегине,
Мына кыш келип турат берметине.
Жарата берсин Мекен уул- кызды,
Улуу эл, Кыргызымдын керегине.





## Булбул

Таңкы уйку таттуу чынында,
Мемиреп жаткан учурда.
Булбул сайрап ойготсо,
Көшүлүп денең жазылган.

Керемет үнү кубулжуп,
Канча жан аны тыңшаган.
Булбулдун үнү ободон
Кетирет, сени кайгы кападан.

Жагымдуу добуш чыкканда,
Булактар коштоп шылдырап.
Мээримиң төгүп дарактар,
Мээлүүн жел соксо шуудурап.

## Ааламдын ээсине

Топурактан Алла бизди жаратты,
Адам ата, адам кылып таратты.
Жашоого Алла бизди жараткан,
О дүйнөгө ,өтөбүз биз сынактан.

Аны билген адамзат бар күчүн,
Билсе, акыл сезим эмгек өзү үчүн.
Айда эмес, күндө беш маал окуган,
Чыныгы акыретке жан үчүн.

Алла, Алла , Алла дегиле,
Ар убакта сыйынгыла ийиле.
Ак тилектен, адал ойду арнаган,
Бүт жараткан 18 миң аалам ээсине.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483180

## Ыр дүйнөсүн

Улуу тоонун чокусуна чыгайын,
Дүрбүнү колго алып, карайын.
Ары- бери өтүп жаткан элден издесем,
Жазгым келди, эмгек гана таалайын.

Касиеттүү улукмандай адамын,
Атап жаз дейт учуратып кадамын.
Акындыктын түйшүгү ушул беле,
Умсунамын сөздү кайдан табамын.

Бороон уйгу- туйгу желден качамын,
Алдыга умтуламын, шашамын,
Арасында жан кыйнап, уйку соонун.
Ыр дүйнөсүн, убай тартып казамын.

## Нурмирага

Нурмиранын тилеп бактысын,
Рухтар берсин батасын.
Аян берип түшүмдө,
Алладан сурап жатамын.

Айланайын, Нур кызым,
Алла берген сыймыгым.
Чын жүрөктөн каалаймын,
Бак жолдоруң ачылсын.

Небере жытын сагындым,
Айтайынчы чын сырым.
Эркелетип неберемди,
Жазылсынчы көп ырым.





## Мезгил өттү

Турган кезде махабатым оттой жанып.
Аттиң ай тагдырымдын тайкылыгы.
Коштошуп 34 жашта боздоп жатып.
Мен, сени узатып, жалгыз калып.

Кең дүйнө кусалыктан калса тарып.
Махабатта сезимден ашып ташып.
Жүрчү эле мээримиң багындырып.
Сүйгөн жар кеттиң, келбес сапар алып.

Мезгил өттү канча убак чубашкан.
Чалке элинен Мукаштан туулган.
Уулум Кыял сергек өсүп жетилип.
Акыл эси, мүчөсүнө жарашкан.

## Асылым

Жаныма жакын асылым,
Жүзүндө бардай мээримиң.
Мээримди чачып сен үчүн,
Коргошун болуп эридим.

Эч болбой ичте арманым,
Каректи сенден албадым.
Көңүлдө тулпар ойнотуп,
Өмүрдүн жайдың канатын.

Жашыл бак өскөн айлана,
Булбул куш бакта сайраган.
Асыл жан, сендей таппасмын,
Издесем, кезип дүйнөнү.

## Гүл сунам

Бүлбүлдөйт жалгыз шам чырак,
Караңгы айлуу кечинде.
Ал эмне издейт болду экен?
Ай толгон түндүн кечинде.

Жылдыздар жымындайт, жел жүрөт,
Жерден алыс кыймылы жок жылдыздар.
Асманда турат нечен деген кылымдар,
Бири-бирине арзуусун арнагандар.

Астында жер эне тынч жатат.
Үстүнөн күн нурун чачат.
Таң атаарда терезенди ачтырып.
Сага тандап үзүп, гүл сунам.

## Көтөрө бил

Турмуш деген кыйын экен ушундай,
Коет экен жайган тору учурбай.
Тагдырыңа жазып калса кантейин,
Кыйынсынбай, кудай дегин бузулбай.

Уккун тыңшап, касиет сөздү тыңдагын,
Айткан сөздүн тууралыгын байкагын.
Эркек бала эли үчүн жаралат,
Мекен жүгүн көтөрүп, эмгегинен баланат.

Окуу, иште мээнет кылгын талбагын,
Орду толбос,адилетти тандагын.
Кол сунганда оңой эле жете албас,
Көтөрө бил, оор түйшүктүн салмагын.





## Атам

Ак куудай жүзү апакай,
Жайылган ак сакалы ак булуттай.
Айылдын даанышман карысы,
Пейили таза, кашка тунук суудай.

Жараткан чачкан нурундай,
Буудай дааны аппак унундай.
Адалдан ак эмгек жараткан,
Атабыз биздин ушундай.

Атакем 70 бештин кырында,
Ак баскан сакалдары акылмандай.
Айтылуу багыштын урпагынан,
Атак даңк издебеген уулдарынан.

А бирок дили таза атакемдин,
Атам бар болсун, абройго ырысымсың.
Ааламга таанылса деп үмүт кылам,
Мүзүр бий өткөн урпагынан.

Атам эл аралап төлгө салган,
Колуна алла деп теспе алган.
Боз үйгө кирип алып,
Ток урган адамга демин салган.

Ток урган адам өйдө болду,
Баш ийип атакеме сунду колду.
Олуя жакшы кабар алып келип,
Жашоону улантуучу мүрөк болду.

Ал бизге зор бакыт каалаган,
Ден- соолук тилеп алладан.
Дайрадан болсун өмүрүң- деп,
Батасын берип кол жайган.

## Тирүүлүк

Күзгү жалбырактай күндөр кубулуп,
Бүтпөйт экен күйпөлөктөп тирилик.
Таттуу максаттарым көп эле,
Улам ары унутулду сүрүлүп.

Түбү жок кыялдарга батып мин,
Өзүмдү, өзүм соорсотуп келе жатамын.
Тулпар минип жете турган жер эмес,
Жолу татаал болот тура бакыттын.

Көп билдимби? Эмне көрдүм жашоодон,
Бул турмушта азбы, көппү майрамым.
Аландап көп түшүнбөй калыпмын,
Турмуштун ак менен карасын.

Жол таппай,адаштым жаңылдым,
Турмушта согулдум кагылдым.
Замандын агымы менен кошо жашадым,
Тирүүлүктүн өзү тура майрамы.





## Тирилик

Кетип калса, кээде менден чекилик,
Жүрөм көпкө жүрөк ооруп өкүнүп.
Көйгөй турмушум кем-чомунан чыкпаган,
Элим мени койсо экен дейм кечирип.

Бирөөлөргө кемдир балким кадырым,
Балдарымда турат, бирок тамырым.
Ар бир үйдө ырыскы көп болуп,
Жарык маанай көңүлдө шат болуп.

Кээде өйдө кээде, төмөн болуп тирилик,
Көр оокат деп өттү күндөр жүгүрүп.
Аттиң сезилбестен, өтүп кетти бүт өмүр,
Жашоодо күрөшүүдөн моюн сунуу көп болуп.

## Жаздын таңы

Жаздын таңы кандай гана ырахаттуу,
Жаздын таңы кулпурат, кулпурат.
Жагымдуу жыпар жыттар буркурап,
Жүрөк туйлайт, көөдөнүмдөн булкунат.

Турмуш болсо- болот дечи муң- кайгы,
Жаман көрүп жүрөккө так кылбайлы.
Калган көңүл чөптүн деле жытына,
Чөбөгөдөй эрий түшөт турбайбы?

Кубанамын көтөрүңкү көңүлүм,
Жаздын жытын искеймин моокум каныпт.
Бакыт кушу конду деп кабыл алдым,
Кучагыма сыйбастан, толкунданып.

## Өкүнүч көптүр ичимде

Турмуштун издеп жыргалын,
Жан дүйнөм канча кыйналды.
Бактымды табам деп жүрүп,
Өтүптүр бир топ жылдарым.

Өзгөнүн бурбай назарын,
Өткөндүр өтсө өмүрүм.
Өкүнүч көптүр ичимде,
Өз жолум менен жашадым.

Өбөгүм болуп балдарым,
Аларга өмүр каалаймын.
Ырларым менин байрагым,
Ыр жазсам эгер бул күнү.

Ошол күн менин майрамым,
Буулуккан жаштык кезимде.
Балдарды багам деп байландым,
Жүрөктөн чыккан ыр сунам.

Кабыл ал элим ардактап,
Сезимди кайда жашырам.
Оргуштап ырлар жазылсын,
Таалайлуу акын болуп турамын.





## Салам берем, күн сага

Таң шооласы алтын нур чайынып,
Элге нурду чачасың кучак жайып.
Салам берем, кудуреттүү күн сага,
Тосуп чыктым , күн шооласын сагынып.

Көркөмдүүсүң дүйнөдө күн өзгөчө,
Нур чачасың элиңе кылым карып.
Салам берем, кудуреттүү күн сага,
Касиеттүү , мээриминден кубат алып.

Кубат берип жан дүйнөгө көңүлгө,
Күн дарысың адамзатка өмүргө.
Салам берем, кудуреттүү күн сага,
Алтын нурун өмүр кошсун өмүргө!

## Мен

Мен кошоматчы эмесмин башкалардай,
Жалган сөз айтылса, чыдай албай.
Ак эмгектен эли журтума жагып,
Жүзүм жарык болсун дейм айдай.

Мен бай эмесмин башкалардай,
Кээ адам байлыгына мактангандай.
Дилим таза, ниетим ак булуттай,
Жакшылыкты Алла берсин жазгандай.

Мен түнт эмесмин, кээ бир жандай,
Жалкоону, кошоматчыны жек көргөндөй.
Баткан күнгө, аткан таңга кубангандай,
Ырларым гүл десте болсун жайнагандай.

## Арча

Алыс жактан көрүнгөн арча терек,
Ата бабалардан калган бизге белек.
Ар качандан бир убак эстегенде,
Айланчыктап келүүмө өзүң себеп.

Эстеп келем, алыстан эстеп келем,
Кусалыгым таркабай карап келем.
Ата бабалар калтырган мурас беле,
Урпактары үчүн чоң канат беле?

Өтсөк да күн түгөнүп, жаза тайып,
Өсө бер, арча терек бутак жайып.
Биз жок болсок да, бул дүйнөдө,
Ырларым өчпөсө экен, кылым карып.

## Мүнөзүм

Мүнөзүм бар тоңгон суудай эриген,
Кыялым бар кыянатты жериген.
Кенебестен жүрө бербей адатым бар,
Ачык айтып, бетке чабаар жагым бар.

Жашап келем түз жолумдан адашпай,
Кээ бирөөнүн ич тардыгын жаратпай.
Билимдүүдөй башка бирөө өңдөнүп,
Бийлик үчүн, кара өзгөйгө жанашпай.

Жардамга айткан акылын,
Жакшынын баары жакыным.
Жамандан кудай сактасын,
Эл ишенсе, ишеничин актайын.





## Идирис бабам, Сары-Челек, Арашан

Идирис бабам,Сары-Челек, Арашан,
Сагынып алыстан сага баратам.
Керемет жайлоо, сенин көркүңдү,
Көз менен ойлоп, ойго таратам.

Канча жан сүйүп өзүң тарапты,
Канча жан эңсеп сен жакты.
Эргиткен сүрдүү бийик аскаң дагы,
Элестетип турат айкөл Манасты.

Ак кайың тал,терек өскөн буралып,
Тунук суусу ичкеңдерди тамшантып.
Каныкей энебиз тиккен ак олпок,
Тоолор мына, калыптыр сага жабылып.

Сары-Челек,Чанач,Кыңкылдак чокусу, Беш-Арал,
Төрө–тал чалкып, Ак көлү жатат мелтиреп.
Асманга өңдөш Көк – Көлү турса көйкөлүп,
Бейиштин өзүн Салкын- Төр эске келтирет.

## Мен жолуктум

Ак пейилдүү, ак дилинен,
Асыл жандын ичинен.
Мени тоскон мээримдүү,
Кут жылоологон үйүнөн.

Бул жашоодо, бир келген,
Бир бактылуу күнүмөн.
Мен бакытка жолуктум,
Кубат алып, ал күнүмөн.

Баары чын турмуштан алынган,
Айтылган сөздүн жагымдуусунан.
Жүрөктөгү жалын оттун табынан,
Бир келген, чын сүйүүнүн данкынан.

## Сен менен

Сен менен ыр аркылуу сүйлөшөмүн,
Сезиминде эмне болсо, үндөшөмүн.
Жалгыздык ар убак менден алыс,
Ал сөзүмө жазган ырым калыс.

Жакшымын уулу- кичүү баарысына,
Сырдашып, алар менен черден чыга.
Жакынмын алардын мага деген,
Нур чачкан мээриминин жылуусуна.

Сен менен ыр аркылуу сүйлөшөмүн,
Сезиминде эмне болсо, үндөшөмүн.
Жан дүйнөнү чыгармада сүйлөтөмүн,
Асыл ойлор болсо эле үндөшөмүн.





## Ичи тар

Жамандын пейили жаманда,
Андайдын ою арамда.
демитип алчу немедей,
Кээ күнү келбейт саламга.

Эмгектен келет ийгилик,
Элиме мени сүйдүрүп.
Эмгект качып кээ бирөө,
Ичи тар болот күйдүрүп.

Талантын тартып алгандай,
Таңыркап сүйлөйт ар кандай.
Котур ташы койнунда,
Ичине таруу айланбай.

Эмгек, бакыт жаратат,
Оңолуп ишим баратат.
Жакшылар сүйүп өзүмдү,
Жамандар кыйгач карашат.

## Гүлдөр

Аралап жүрдүм гүл багын,
Жыттуусун үзүп алганы.
Кооздук берип айланага,
Көргөндүн болбос арманы.

Тырмышып үзүп албадым,
Түбүндө бир аз уктадым.
Аңкыган жыпар жытынан,
Аябай кере жыттадым.

Жагымсыз жагын андабай,
Түрлөрүн сүйсөң тандабай.
Аңкыган жыпар жыттынан,
Көңүлүң гана ачылыт.

Назиктик турат кыздардай,
Жыпар жытты аңкытат.
Моокумуң канат заматта,
Жарпың гана жазылат





## Жолуксам не…

Аяган жүрөгүмдү козготтуң,
Жан дүйнөмдү кооздоп турдуң.
Эх, сага эбак жолуксам не…
Кайдагы бирөө үчүн сыздаптырмын.

Жанымды жанга уруп ыйлаптырмын,
Жанчылып жан дүйнөмдү кыйнаптырмын.
Жашоодо сендейлерди көрбөй мен,
Өзүмдү жалгыздыкта кыйнаптырмын.

## Түшүмө дайым киресиң

Чындыгында асыл жансың да,
Канча жан ашык сага да.
Жоготкон менен өзүңдү,
Жашоодо дайым барсың да.

Турмуштун көрдүм кысымын,
Махабат козгоп сезимди.
Кусалык жели от болуп,
Куйкалап келет өзүмдү.

Санаамда дайым жүрөсүң,
Түңүлтпөй мени өзүңдөн.
Көңүлдө жүрөт элесиң,
Түшүмө дайым киресиң.

## Калыстык коштойт

Аралап элдин арасын,
Адамдын билгин тазасын.
Бузулбайт кеп- сөз чынынан ,
Сымбатты байка сынынан.

Талыкпай иштеп тынбаган,
Таасирдүү ырын ырдаган.
Кары, жашы биригип,
Чыйырлуу жолдо тирилик.

Турмуштан көптү кабылдай,
Билүүдөн бирок, жаңылбай.
Жазылган жазуу маңдайга,
Жараткан калыс жалпыга.

Кадырын билгин элиңдин,
Калк кызматтын чегинде.
Канча жашоо болсо да,
Калыстык коштойт кезинде.





## Улуулар - муун күзгүсү

Адамдын сезген талабын,
Айттырбай сезип абалын.
Жакшылык тилеп элиме,
Улуулук туура сезимде.

Жакшынын болот үлгүсү,
Улуулар- муун күзгүсү.
Улуулук дайым бааланган,
Жакшылар жашоо үмүтү.

Жемиштүү кыргыз жергемде,
Жетилип жаштар келгенде.
Жайылсын үлгү өмүргө,
Тамырлап өзөк, көңүлгө.

## Керемет

Ак кар баскан тоолорум,
Көк мелжиген зоолорум.
Кең төрдө малы чубалган,
Көргөндүн көзү кубанган.

Жайкалган жашыл жайлоосу,
Жаз, жайда күткөн коногун.
Жашартып жанды эритет,
Абасы көңүлдү сергитет.

Ааламдын сыры керемет,
Аккан суусу- ак бермет.
Кай жерде гана көрбөйлү,
Кең койну бизди терметет.

## Касиеттүү Ыдырыс пайгамбар

Пайгамбар колдогон жер мээри,
Касиеттүү жерде жашайт элдери.
Кайып булак, Кыз – булак, Арашан булагы,
Тостопян олуя ата анын ынагы.

Касиеттүү Ыдырыс ата аталган,
Ден соолук, өмүр тилеп жашарган.
Зыяратка келип, дили тазарган,
Алладан тилеп, алдыга умтулган.

Тарыхы , санжырасы такталган,
Пайгамбар аты менен даңкталга .
Сан күндөр, жылдар кылымга,
Ыдырыс пайгамбар менен бадталган.

## «ЭлТР » дайым эл менен.

Дилинде дайым «эл» деген,
Максаты дайым «эл» менен.
Дем берип дартты эмдеген,
«ЭлТР» дайым эл менен.

Ош студиясын жолун улаган,
«ЭлТР», элиң сага кубанган.
50 дөн ашкан мамлекет көрө алган,
Бата берип, кыргыз элин алкаган.

Элибиз «ЭлТР» менен бирге кубанып,
Жаңы табылгаларды элге жайылтып.
Жакшыларды эл ичине чачып,
Өнөр кенчин, мураска калтырып.





## Муун келди

Өздөштүрүп кооз жерлерди,
Өнүктүргөн жаштар келди.
Жашоонун учун улаган,
Өсүп чыккан, муун келди.

Милдетин сезип аткарган,
Билими иштен такшалган.
Убакыт өзү билдирет,
Тарыхта жазып сакталган.

Кыргыз эл кылым кыйырында,
Комуздун күүсү кылында.
Келечек түзүп элине,
Келтирип пайда жерине.

Кең пейил болуп элине,
Атагы чыккан жерине.
Өзөгүн улап пенденин,
Жаңырган муун элине.

## Жакшы из калса дейм

Жанаша жүрүп жакшыга,
Жалпыга нуру чачса дейм.
Жаштыгын улап өмүрдүн,
Жакшыдан үлгү алсам дейм.

Ак эмгек кылып элиме,
Кызматым менен жаксам дейм.
Тынчтыгын тилеп элимдин,
Артымда жакшы из калса дейм.

Жанымда болуп балдарым,
Жайнап , көнүл ачса дейм.
Жараткан берип тилегимди,
Жакшылыгын гана көрсөм дейм.

## Жан дүйнөм жакшылыкты көздөгөн

Туш келип , ар кыл күндөргө,
Тагдыры окшош мендейге.
Көрүнгөн душман аңдаган,
Кыраакы адам баамдаган.

Жалкоолук кылып жатпадым,
Кыйынчылыктан качпадым.
Максатты бийик көздөдүм,
Кудайдан үмүт үзбөдүм.

Сактаган кудай мендейди,
Жашоонун күнүн эңсетип.
Элиме келген жакшылык,
Күч -кубат берет сездиртип.

Жан дүйнөм жакшылыкты көздөгөн,
Жакшы сөздү баары жактаган.
Жан дүйнөм аруулукту самаган,
Ар –намыс, калыстыкты сактаган.





## Шүгүр, шүгүр, шүгүр

Кыйындыгын сезип замандын,
Тагдырын ойлойм адамдын.
Таң нуру менен тең туруп,
Аманын тилейм ааламдын.

Жаратканга, жан аманга шүгүр,
Жан дүйнөнүн тазалыгына шүгүр.
Ак эмгектен баар тапканга шүгүр,
Пенденин максатына жеткенине шүгүр.

Жаратkандан колдой жүргөн периште,
Жеткен дайым максатына, жеңишке.
Жүзү жарык ак эмгектен даңк алган,
Жолу ачык, жакшы кызмат, ак ишке.

15.12. 16.

## Жараткан кудай жалгаган

Жараткан кудай жалгаган,
Батадан баары көгөрөт.
Бак өнөт, жемиш мөмөлөп,
Бак –дөөлөткө жөлөнөт.

Жакшылар ак иш жасаган,
Жакшылыктан эч талбаган.
Жараткан кудай жалгаган,
Элине ак кызмат арнаган.

Батадан баары көгөрөт,
Башчы болсоң элине.
Баары сүйөт жөлөнөт,
Маанайың жарык көрүнөт.

Бак тилеп баарысына,
Мээримден көңүл тазарат.
Жаңы доор башталган,
Адамзат өмүр улаган.

16. 12. 16.

## Жашоо

Табигат гана сезимдердин азыгы,
Таазим кылат адамзатын акылы.
Кыраакылар алдын ала байкаган,
Эл алдында калыстыгын айта алган.

Жашоонун таяныч тиреги,
Аалымдар … билген билемин.
Жакшысын бизге үйрөткөн,
Жайылган жашоо килеми.

Жашоого нурун таратып,
Жакшылыкты турган саматып.
Жанаша өмүр жаратып,
Элиме жакшылыкты таратып.

Кооздукту суктанып карашып,
Жүрөктөргө жылуугун таратып.
Сүрөттөй көлдү карайсың,
Бейиштей жашоону самайсың.





## Убакыт аз

Улуулардын өрнөк кылып санатын да,
Билим менен бийик учту канатым да.
Кээде сезим ыйыктыгын эске албастан,
Жектей албай бир өзүмдү, кечирип же …
Кусалыктан очүп барат жаратым да.

Эске алсак кыскалыгын өмүрүндүн,
Бирөөлөрдүн ийгилигин ,көңүлүн.
Колдон келсе урмат-сыйдан айрылбастан,
Элге тийген пайдабыздан бата алып,
Жакшылыктын билдирели калпыстыктан.

Жашообуздун жолу узак , өмүр дайра,
Күч – бакубат жашаш үчүн белди байла.
Жашоо кымбат, жан күйгүзгөн өмүр кымбат,
Убакыт аз, жетишпейсиң баарын ылгап,
Өткөн өмүр кайрылбай го эми кайра.

## Өмүрүң- учкан куш да, атылган ок

Айлар учуп күндөр-күнгө саналып,
Өткөн сайын саамалыктар жаралып.
Уулум, кызым бойго жетип каранып,
Убакыттын өткөндүгүн сезбепмин.
Күзгү алдында чачын түзөйт таранып.

Сапар улап бийик ашуу жол менен,
Өмүр чиркин өтөт тура билинбей.
Санаасында жакшы тилек, ой менен,
Жаштык кезим өткөн тура тирилбей,
Өткөн жашка кантип турам күйүнбөй.

Жакшы ой айтып дилибизге көчөлү,
Бул жашоодо кадырлашып өтөлү.
Өмүрүң бул - учкан куш да, аткан ок,
Алды жакка кадам таштап узаткан,
Артты көздөй кайырбасын сезели.

## Жакшы адам бар.

Шам жагылып, жарык болуп жолума,
Калем алдым, ак барак да колума.
Жашоо татаал, үмүт жоктой сезилип,
Турган кезде , нур төгүлдү жолума.

Бул дүйнөдө жакшы адамдар бар үчүн,
Үмүт кылам өмүр ден-соолук бир жан үчүн.
Антсе дагы үшүйт кээде бүт денем ,
Адамдардын кээ бир ою тар үчүн.

Ооба билем, жакшы адамдар бар дечи,
Орнойт бекем достук, тынчтык жер бети.
Жакшылардын ыйык , таза бата алып,
Болбосо дейм жамандыктын пендеси.

Адамзаттын жакшысы бар болгондо,
Оомат келет ак дилдеги Ормонго.
Дүйнө таза, Жараткандан суранам,
Жакшылыкты берип турчу, бир колго.





## Айып көрбө

Карегине кадалганда, карегим,
От чачырап солк дей түштү жүрөгүм.
Тунгуюктан ойлор каптап сезимдин,
Тынчын алба бейпил жаткан түнөгүн.

Арбап алды, көз карашын, элесиң,
Ойлорумдун тынчын алып келесиң.
,,Сиз,,- деп канча кыйналганым билбедиң,
Качан, кантип кайсыл кезде сезесиң?

Айып көрбө жүрөк ,,Сиз,,- деп жүргөнүн,
Сезимдердин чычаладай күйгөнүн .
Эстегенде мен өзүңдү агатай,
Ыр токуймун көңүлүмдө билгеним.

## Калыс болдум

Кейидим, кыйналдым мен турмушумда,
А бирок, кекти сактап жүрө албадым.
Бийиктик максат кылып жумушумда,
Бирөөнүн кемчилигин биле албадым.

Турмуштун тайгак кечүү сыноосунда,
Замандын тардыгынан алыс болдум.
Акылым жетпес бүтүн кыйноосунда,
Акылым жеткен ишке, калыс болдум.

Кыйналдым, кейидим бул турмушта,
Бирок... кегимди ичке түйгөн жокмун.
Бийликти максат кылып жүргөн жокмун,
Бирөөнүн кемчилдигине күлгөн жокмун.

## Келбедиң

Сегиз жыл күттүм,
Эскирип бүттүм.
Келбедиң неге
Жазыгым эмне?

Ачылбай жолум,
Куурады оюм.
Оюма түтөм,
Жолуңдан күтөм.

Күтөмүн сени,
Сагынтпай келчи.
Күттүргөн кандай,
Жансың сен деги?!

## Ак дилиң ар дайым мага дем

Тамчысы таза, тунук сүйүүнүн,
Кимдер гана аны татпаган.
Ченемин Алла берген өмүрдүн,
Кадырын билген, аны барктаган.

Толкуган тереӊ көлдөй сезимдин,
Ар бир жан ага урунган.
Сүзүп сүйүү деген агымга,
Сезим күйүп турат жалынга.

Жуурулуп татына махабат ааламына,
Сыйкырдуу сезим курчап алып.
Тартылып эмнегедир үмүт менен,
Сүйүктүү көздөрүңдү тиктеп калып.





## Жаштык ай

Атаганат жаштык ай,
Агын суудай таштык ай.
Кайталангыз жаштык ай,
Кыйла жолду бастык ай.

Жарк дедирип дүйнөнү,
Жазгы таңдай аттык ай.
Кышкы түндүн кечтерин,
Кычырата бастык ай.

Кубаты мол жаштык ай,
Катасы көп тактык ай.
Уул – кыздардын көзүнөн,
Сүйүү изин таптык ай.

Кагылайын жаштык ай,
Карылыкка шаштык ай.
Сүйүү отун жандырткан,
Жүрөк менен чаптык ай.

## Сулууга

Сен сулуусуң чынында,
Улуусуң баарынан.
Жамандыктан сактасын,
Жаратканды заарынан.

Мөлтүрөгөн капкара көзүң,
Жароокер кылгарып карасаң,
Муз жүрөктө ээрий түшөөр,
Тоңголоктун каарынан.

Ушундайбыз чиркин ай! Биз Адамбыз,
Жолдоруңду тосууга тор жаябыз.
Кайталангыз сулуулукту көргөн менен,
Көрмөксөнгө, билбегенге биз салабыз.

## Турмуш кызык

Турмуш кызык, - жоктон таап сени күлдүрөт,
Кээ күндөрү, бардан «жок» - сени күйгүзөт.
Табышмактуу жолуна кээде таң каласын,
Өзгө адамдын сүйгөн жарын сага сүйдүрөт.

Турмуш кызык, - ушул дүйнө бизди кубантат,
Карап туруп «артынан сөз» тез сынатат.
Жараткандын кереметин карап турсаң,
Сурабастан башкалардан тез суратат.

Турмуш кызык, бул дүйнө бизди кубантты,
Турмуш кызык, артынан кайра бизди кууратты.
Жараткандын кереметин карачы…
Сурабай сенден башка жанды саматты.

## Нооруз келди

Нооруз келди – жаңы жылдын башаты,
Нооруз келди – жаңылыктын жарчысы.
Нооруз келди – турмушумдун элчиси,
Нооруз келди өмүрүмдүн энчиси.

Нооруз келди касиеттүү жериме,
Жакшылыкты алып келсин элиме.
Кут түшүрүп кубандырып жалпыны,
Кубанычтан батпай турам териме

Нооруз келди - жаратылыш жаз башы,
Нооруз келди – Умай эне көч башы.
Нооруз келди - жакшылыкты тилеген,
Нооруз келди – Сүмөлөктө бал ташы!.





## Жаз

Бажырайып байчечекей бүр ачып,
Көрктөндүрдү жердин бетин жайнатып.
Жаз жытына кумарландым тынбастан,
Келди мына жаз өзүнчө көрк чачып.

Жазым келди, бак – дарактар көрктөндү,
Жаз сайраны тукабадай түрдөнөт.
Жарамазан айта келди келгин куш,
Жакшылыктан белги берип күүлөнөт.

Жаз белгиси – Улуу Күн да нур чачат,
Жаратылыш кубулжутуп көрк алган.
Жер бетине төшөлгөн кооз килемдей,
Сүйүүлөрдүн бутагынан бүр калган.

## Сакталсын дилимдеги тунук сезим

Жакшы сөз жүрөгүңдөн такталат да,
Көөдөндө асыл ойлор бекталат да.
Арадан канча мезгил өтсө дагы,
Дилдеги тунук сезим сакталат да.

Ой – максат, аруу – тилек бары эле,
Сезимди багып жүрөм дагы эле.
Тагдырды өлчөп – калчап ыйлатса да,
Бактылуу – асыл ойдун жаңы эле.

Дилдеги тунук сезим сакталабы?
Адамдын күч – кубаты бекталабы?
Аруулук – улуулукка умтулса да,
Дилинди аппак кылып тазартабы?

## Апама

Ойлонсом, далай жылдар карыптыр,
Жол карап көз кареги талыптыр.
Салынган ак жоолугун буралтып,
Апам менин жапжаш бойдон калыптыр.

Кыздарын, басаар жолун тандаптыр,
Сыналып күндүн нурун жандаптыр.
Сөзүмдүн күүсү күчтүү болсун деп,
Ак шумкардан канат сурап алыптыр.

Ойлонсом жылдар жылга карыптыр.
Апакем 70тин кырын ашыптыр,
Саамайларын аппак бубак басса да.
Суйкайып сулуу бойдон калыптыр.

## Турмуштун ачуусу бар, таттуусу бар

Агарып аткан таңдын шооласы бар,
Күн нурунда назик чачкан ооматы бар.
Адамдын жакшы менен жаманы ким?
Жамандык жалаасын таап, коогасы бар.

Турмуштун кызыгы бар, кусуру бар,
Адамдан түз жүрбөгөн бузугу бар.
Турмушта ачуу – таттуу болгон менен,
Өмүрдүн баркын билбес учуру бар.

Суунун да тунугу бар, кири болот,
Турмуштун шарты менен жини болот.
Сүйүүнүн мээриминде азап салган,
Көңүлдүн бөлүп салган жиги болот.





## Ойлон

Жүрөк туйлайт сени энсеп, зарыгып,
Аруу сүйүү күчкө алдырып, багынып.
Жүрөм ойлоп, кусалыгым артылган,
Келсең боло? Калдым сага таарынып…

Нечендеген бел, ашууну ашаарбыз,
Таштак жолду, узак дебей басарбыз.
Бирге болуп ой – тилекке жетишсек,
Бул жашоонун бейпилинде жашаарбыз.

Таң жылдыздар тараса да ойлоном,
Кыялымда узаак уктап ойгоном.
Чабак урам калагы жок талпынып,
Эске салам бирге көлдү бойлогон.

## Сагынып жүрөм

Көп энсеп тапкан асылым,
Көп күтүп тапкан жакыным.
Сүйүнүч күчөйт күн сайын,
Айтып бир койчу ачыгын.

Адам – деп таазим кыламын,
Көп жандан жакын ынагым.
Көрсөм да күндө өзүңдү,
Кызганып жүргөн убагым.

Көп  энсеп издеп, тапканым,
Көп элден сулуу аппагым.
Ден соолук берсин өзүңө,
Асылым болгун ар дайым.

## Кечирип кой

Кагазга жазамын алгач ирет,
Жүрөктүн буйругун жазам жиреп.

Буулуккан жүрөк сырларын,
Сарасеп салып тыңдагын.

Чеги болот ар нерсенин акыры,
Бирок мындай койгон шарттын закымы.

Үй – бүлө деп соккон жүрөк,
Кайдан алмак эле түнөк.

Кыйнагым келбейт сезбесе жүрөк,
Кыйнаба! Сыноодон өткөн көкүрөк.

Кечирип кой менден кетсе каталык,
Келчи асылым… Көңүл жибин табалык.

## Белгисиз күтүү

Сылагансып маңдайымдан таң жели,
Эмнегедир мен бирөөнү күтөмүн.
А балким табышмактуу сезимби?
Жөн эле «Үмүт – көлдө сүзөмүн.

Ким болдуң сен? Ким элең?
Өңүмдө эч көрбөгөн.
Түшүмө да кирбестен,
Кандай жансың?, (эй Төрөм!?.) деги, сен?

Толукшуган жай түнү,
Жийде жыты буркурайт.
Күтүүдөмүн белгисиз,
Үмүтүмдү жыл сурайт.





## Жаз жамгыры

Күттүргөн жаз жамгыры төгүлөт,
Ойлорумда миң түргө бөлүнөт.
Алып учат кыялым алыска,
Келип калчы жаныма берилеп.

Күттүргөн жаз жамгыры төгүлөт,
Угуп жүрөк кабарын сүйүнөт.
Балалыктын элесин көп эңсеп,
Жүрөк байкуш сени деп дегдейт.

Күттүргөн жаз жамгыры төгүлөт,
Жаратылыш жашыл түскө төшөлөт.
Жылуу мээри жаз желин тартуулап,
Көктөм сүйүү түркүн – түс бөлүнөт.

## Жаз келди

Дагы бир жолу жаз келди,
Ак жамгыр болуп жаап келди,
Канатка салып көтөрүп,
Карлыгач, чымчык таап келди.

Суктанган сулуу жаз келди,
Сүйүүгө эргип мас келди.
Канчалык алыс жол басып,
Каркыра жазды апкелди.

Жаз күтсөм, сени күттүрүп,
Айлана коoздоп кулпурат.
Көңүлүң сергийт заматта,
Аңкыган жыты буркурап.

Жаз келди, анда келбедиң,
Булбул куш таңда сайраган.
Таң менен кошо ойгонуп,
Асыл ой жазып арнагам.

## Күткөн жүрөк

Эртеңки күн адам үчүн табышмак,
Күндөр келет Адам өзү күтпөгөн.
Күткөн жүрөк, күтө берет өзүңдү,
Ар нерсени өжөрлөнүп түптөгөн.

Жакшы тилек, жакшы үмүт аралап,
Бир сыйкыр күч сени көздөй тарттырат.
Өмүр улап, жашоодогу күн улап,
Сени күткөн жүрөк гана шаштырат.

Бул жашоодо күтүп жүрүп өзүңдү,
Жакшылыктан үмүт үзбөй наркымды.
Койбосом дейм жаштыгымды өткөрүп,
Бул жашоодо билбей сенин баркыңды.

## Сен жөнүндө

Сен оорусаң, мен да оорул каламын,
Алыс болсон тынбай кабар аламын.
Кээде эле уксам сенин үнүңдү,
Кандайдыр бир күч – кубатын аламын.

Сен жөнүндө кабар уксам сүйүнөм,
Нур төгүлүп менин аппак жүзүмө.
Кош канаттай бирге болсок дүйнөдө,
Миң рахмат айткым келет күнүгө.

Жактырганым, жазыгымбы ким айтат?
Кут кылсынчы Кудайым – жаратканым,
Караңгыда жарык чачкан шам болуп.
Тийип турсун элине нурдуу таңың.





## Бул турмушта

Жазылгандыр жакшы күндөр маңдайга,
Улуу сезим кезиктирип таалайга.
Жакшы тилек коштоп дайым өзүңдү,
Жылуулугу өчпөйт эми далайга.

Бул жашоонун ырыскысын бир татам,
Элим менен замандашмын бир басам.
Тагдыр берген сыноолордон жалтанбай,
Табышмактуу дүйнө эшигин бирге ачам.

Бир болоорбуз, мен да сага керекмин,
Деп ойлоном, «- Мен сен үчүн белекмин».
Турмушумда кандай күндөр болбосун,
Сен да мага, мен да сага керекмин.

## Сезбедиң сен

Жакшы адам деп көкүрөккө түйгөн элем,
Мен өзүңдү чын дилимден сүйгөн элем.
Өмүр, жашоо кыйналуудан өтсө дагы,
Өкүнбөстөн бир өзүңдү күткөн элем.

Билбей турам, эмнегедир эстей берем,
Көргүм келип көздөрүңдү тиктей берем.
Турмуш деген татаал тура, айла канча,
Өттү жылдар, дале сени эстей берем.

Балким мени тамашалап сындагансың,
Сен деп соккон жүрөгүмдү кыйнагансың.
Сезбедиңби ичке каткан сырларымды,
Далай жолу ырларымды ырдагансың.

## Сүйүү келеби да, кетеби

Сүйүү келеби да, кетеби?
Сүйүү бир келгенде адамга.
Жарыгын чачып өмүргө,
Көтөрсүн көңүл саламда.

Сүйүү келеби да, кетеби?
Кеткен болсо адамдардан.
Караңгы кылып бир күнүңдү,
Таппайсың көңүл кадамдардан.

Сүйүү келеби да, кетеби?
Же, сезимден сездирбей өтөбү?
Сезимтал жүрөктөрү гана,
Же, сүйүүнүн күчүн сезеби?

Сүйүү келеби да, кетеби?
Жүзүндүн шаттыгын сезеби.
Кубантып дайыма жүрөктү,
Туңгуюк сырыңды сезеби?





## Жаңылбаган кимиң бар?

Ал кездеги айлуу түндөр эсимде,
Кол кармашып жүрчү элек кечинде.
Түз жолумдан адаштырбай элесиң,
Туура жолго багыт алып бересиң.

Кыялымда сени менен бир басып,
Сагындырып сага элесиң нур чачып.
Жашап келем көпчүлүктүн бириндей,
Элестериң жолум торойт желедей.

Жүрөгүмдө арманым бар арылбаган,
Ким бар дейсиң бул жашоодо жаңылбаган.
Жаратканым түз жолумду дилиме сал,
Адамзат сен аманатсың эсиңе сал.

## Таза бойдон калсынчы…

Турмуш дейм, чарчатат адамды,
Түйшүктөр сүй тартып ичинден.
Кантсе да баарына кайыл бол,
Бир болуу ал сенин өзүңдөн.

Турмуштун табышмак жолу бар,
Балдарга ата – эне ардактуу.
Эч качан чарчатпас дем берген,
Балдарым күч берет салмактуу.

Сезимдер пакиза күч берген,
Түйшүктүү турмушка чалыксаң.
Туптунук сүйүүлөр калсын дейм,
Өкүнүп качпагын чындыктан.

## Күтүп келем

Жан дүйнөм жабыркап турганда,
Жүрөктүн дарысы белең сен.
Тагдырдын түйүнү болгонбу а?
Баа берген кеңешин терем мен

Өмүрдө өзүндү эңсеген,
Адамың издеген билдирбей.
Жолумдан нур шоола чачылса,
Өзүң дейм, кайгыма киргизбей.

Сен дедим, окшото албадым,
Жаныңа батынып баралбай.
Сагыныч илебин алыстан,
Сеземин жытына кана албай.

Элдердин ичинен көрүнсө ээ?
Жакшы адам сүйкүмдүү табылга.
Издеймин, күтөмүн жалынып,
Үмүтүм өрттөнөт жалынга.

## Өмүр өтөт

Өмүр өтөөр закымданып заматта,
Өткөн күнгө көз чаптырсак кылчая.
Аттиң кайра, өмүр өттү – чынбы деп,
Өкүнүчтө саат санайсың, күн санап.

Өткөн күнгө кылчактап күн саналбайт,
Билсең керек өмүр эки жаралбайт.
Сылык болгун, адам болгун жашоодо,
Көзүң өтсө өмүр калат, кайталанбайт.

Саамай чачтарды ак аралай баштады
Тээ артымда калган жашым жаштадым.
Калсам гана картайбаган өмүр сен,
Ошондуктан ыр жазгандан качпаймын





## Кечиккен сүйүү

Кечиктирип жолуктурган бул тагдыр,
Сыноо үчүн келип кеткен амалдыр.
Башкаларга ыраа көрбөй кызганткан,
Мага деген жылуу сезим калгандыр.

Жолуккандан өзүм сезген бактылуу,
Махабатты болбойтго дейм жашыруу.
Калем кармап кагазды толтурдум,
Дагы ичте канча сыр бар катылуу.

Сени күтүү ушунчалык узун түн,
Келеби дейм, түн жамынып ак сүйүү.
Шашкан сүйүү, ооба болду жасалма,
Кантсе дагы өчпөдү, бар үмүтүм.

Ойлономун, күндүр – түндүр кыйналам,
Эчен жылдар махабатым ыйлаган.
Кечиктирип жолуктурган бул тагдыр,
Кечиккен сүйүү, кечир мени сыйбаган.

## Эне

Сенде гүлдүн жыпар жыты,
Сенде эненин мээр куту.
Сен бар үчүн дүйнө сулуу,
Жашоо көрктүү, дүйнө сулуу.

Сен ээлеп, назик жүрөктү,
Ой санаа болуп көңүлдү.
Мөлтүрөйт капкара көздөрүң,
Нурданып сүйдүрөт аппак жүзүң.

Сен кымбат жансын, асыл жарсын,
Сен бар бол, эне ыйык жансын.
Балдарды төрөп, сүйүп, ардактап,
Бакыттын чокусунда, жүргөн жансын.

## Ак тилек

Жакшы ойлор, жакшы сөздөр ак тилек,
Адамдарга ушул сөздөр так керек.
Кыйынчылык турмушуна кабылсаң,
Жандап турса, опол тоодой чоң тилек.

Жакшы сөздөр адамдарга азык да,
Жакшы, жаман бирге жүрөт шашып да.
Сүйбөй турса көңүлүңдү эч нерсе,
Жакшы сөзүң жан дүйнөгө насип да.

Асыл ойдон, жакшы сөздөн кетпейли,
Адамдардан жаман ойду чектейли.
Орундалсын турмушунда ак тилек,
Жаман деген орой сөздү жектейли.

## Сирен гүлү

Эстеп калып , өткөн күндү жаш чакты.
Көздөрүмдөн тамчы, тамчы жаш акты.
Үмүт менен күтүп келем өзүңдү.
Кубат берип, кунак кылгын көңүлдү.

Жыпар жыттуу сирен гүлү.
Сагынып , сагынып жытыңды искеп.
Алдым үзүп, кубантып шактан.
Атыр жыты аңкыган бактан.

Көңүл чөктү ой- санаанын ичинде.
Жүрөк туйлайт баарын , көтөрө албай.
Сирен гүлү аңкыган жытың ай.
Искейм, жытыңды моокум таркабай.





## Өмүрдүн кадырын баарыбыз билели

Убакыт келет адамзат сыналып,
Бактылуу, ынтымактуу элдин туягы.
Барктальп келген бул дагы,
Ар бир элде асыл туягы.

Табигат сулуулугун тартуулады,
Ырысы элдин бул дагы.
Сезгенге ыйык ал дагы,
Кыргыздын чыгаан асыл туягы.

Эмгеги менен элге тең,
Эстүүлүгү артык, пендеден.
Талантка таяп, ой куруп,
Асылдан бүткөн, ой сунуп.

Табышмактуу, сырдуу жашоонун,
Татаалы, кыйынчылыгы көп тура.
Жакшы үмүт кылып зиреги,
Жалпы элдин күткөн тилеги.

Жакшылыкты жалпы тилейли,
Жан дүйнө , таза пейилдеги.
Жайнасын оомат, берекке элимдеги,
Өмүрдүн кадырын баарыбыз билели.

## Кыял уулума.

Демдүүлүк деми сезимде,
Башчы болду элине.
Дареги Чаткал, Каныш- Кыядан,
Данакер айткан кебине.

Башчы элден шайланган,
Демилге келип , иш жактан.
Эмгеги иштен бааланган,
Жакшылар сени дайындаган.

Чалкыган Чаткалдын көлүндөй,
Сырлары көп берген өмүрдө.
Надырбек теги Кыялдын,
Сүрү бар, нурлуу жүзүндө.

Жылдыздай жанган оту көзүндө,
Жылуулук бар айткан сөзүндө.
Эл ишеничине татыган,
Таасирдүү башчы аталган.

Берилген тапшырманы. Кыял аткарган,
Түркүн станцияларды башкарган.
Мүнөзүндө акыйкаттык сакталган,
Устаттары, учкан куштай таптаган.

Кыял, эл ишеничин актаган,
Асыл адамдар сени мактаган.
Таалимин алып жакшынын,
Үлгүүлү ишин улагын.
Урпагың өсүп, кылымга бар болгун!
Улуунун нугун улап, зор болгун!





## Короз

Жараткандан берилген тапшырманы аткарат,
Адамзатты жакшылыкка гана чакырат.
Таң заарда, өз убагында кыйкырат,
Ырыскыңды тилеп кал деп шаштырат.
Адамзаттын баарына үн салат,
Жараткандын тапшырмасын короз гана так аткарат.

## Сагынам

Күтөм, күтөм дайым көктөмдү.
Жакшы көрөм ,жамгыр төгүп өткөндү.
Биз ойногон бала кезде жашынып.
Ак кайың быйыл дагы көктөдү.

Мичуриндей көчөт тигип жаңыдан,
Арык казып, кетпей анын жанынан.
Качан өсөт? бул ак кайың деп,
Суроосу көп, балалыкты сагынам.

## Мен аялмын

Мен аялмын, бул дүйнөдө бакыт самаган,
Үмүт үзбөй балдарына бата тилеп алкаган.
Сезимдери мелт- калт болуп төгүлгөн,
Бүт жашоосун балдарына арнаган.

Мен аялмын, өз бактысы үчүн күрөшкөн,
Жүрөгүндө жалын оту тутанган.
Сыр дүйнөнүн жалынына жалбарган,
Жан дүйнөсү, арулукка арналган.

Мен аялмын, кызыл гүлдөй жайнаган,
Кумар оту жүрөгүндө кайнаган.
Көргөн жандын сүйүүсүнө арзыган,
Мен аялмын, адамзатын тукумун улаган.

## Бирөө бар

Жүрөгүмдүн төрүндө бирөө бар,
Ой жетсе да, кол жетпеген бактым бар.
Өмүр шашып . улам алга умтулат,
Сезимдеги , назик сүйүү кулпурат.

Өзүмдү сооротуп үмүт менен,
Кандайдыр бир керемет күч менен.
Көңүлүмдү көкөлөтүп термелткен,
Канат күүлөп, көк асманга сермелткен.

Жылуулуктун илебине сезип алып,
Сагынамын , жанымда жүрсөң да.
Жашап жүрөм ,эл катары кубат алып,
Кызгануудан көңүлүмдү кирдетпегин.





## Ак булуттар

Ак булуттар неге сулуусуңар?
Аалам кезип барасыңар!
Асманда жылып ак булуттар,
Сүйүү тартуулаган канатттар.

Ак булуттар шоктонушат,
Ойку- кайкы окторулуп.
Шамал менен жарышат,
Сезгендер суктанышып карашат.

Ак булуттар кайда барат?
Адамзатты арулукка чакырат.
Обон созуп,көңүл ачат,
Сүйүүнүн мээримин чачат.

## Өзүң бил

Аман жүр, мени аясаң,
Сен барда мага аалам шаң.
Өзүң бил, эгер кыйнасаң,
Асылың, болом кааласаң.

Жамандык кылбас мага деп,
Өзүмдү сага арнадым.
Жаныңа жакын келем деп,
Жашоодо сени жандадым.

Өзүң бил, мени аясаң,
Жалгыздык менен баратам.
Жүрөк сыздап жүргөнмүн,
Аман жүр, мени аясаң.

## Сахна

Сахна- ыйык сахна,
Улук берген жанга.
Канча рахат тартуулаган,
Эргип, дүркүрөгөн кол чабууга.

Сахна – үйрөтөт, даңкын чыгарууга,
Бакыт тартуулаган таланттуууга.
Таалайы ачылган талпынып,
Учалган канаттары жайылып.

Сахна – ыйык сахна,
Түйшүгү көп арт жагында.
Ийгилкти жандаган сахна,
Эл алдына ,жүзүңдү ачкан сахна.

## Тамшантып турсун табият

Сүйлөсөң такыр шашпайсың,
Жан дүйнөң ачык айдайсың.
Баалайм, кудай берген мүнөздү,
Өткөн күндү кайра таппайсың.

Жакшыны дайым баалайсың,
Жардам берүүдөн качпайсың.
Баалап, туулган эл жериңди,
Каада – салттын улуулугун сактайсың.

Кыргыздын айкөл Манасын казып.
Элиңдин батасын алып.
Которулуп , араб, өзбек тилине.
Белгилүү болгун , чет жине.

Тамчы кал жарашып өзүңө.
Суктантып далайлар өңүңө.
Тамшантып турсун табият.
Таасирдүү ,акылдуу сөзүңө.





## Маркум иним Махмутка

Караанын мага дем эле,
Кара жер жутуп өксүттү.
Кагылайын иним Махмут,
Өмүрүңдү ажал өчүрдү.

Акыркы айткан сөзүңдү,
Көрбөдү өзүм көзүңдү.
Жаш эле кеттиң суналып,
17 ге чыкпай , бизди сумсайтып.

Артында балаң калбады,
Көз жашты төгүп , турабыз.
Бейишиң болсун чын дүйнөң,
Боз дөбө болду турагың…

## Кызыма

Сен баарын жеңесиң,
Жан кызым, азыр энесиң.
Кичи пейил, гана элпексиң,
Балдарыңа , сен гана керексиң.

Талпынып турат тай- тайлап,
Сенин байлыгың Бекнуруң апалап.
Эркелеп келсе, кылыктуу,
Эт жүрөгүң эзилет кызыктуу.

Эненин сезими күчтүү балага,
Эненин мээриминде талпынат.
Күч кубат берип, жараткан сага,
Көшөгөң көгөрсүн, эстүүсүң алгала.

## Бир туугандарымдын балдарына

Жай басып, күлүп жайнаган,
Жаш сулуу кыз Мунара.
Чоң атаң атыңды тандаган,
Жардамын элден аябаган.
Жалпыга тийип пайдаң Мунара,
Зоболосу бийик, болсун деп алкаган.

Жаш булбул болуп сайраган,
Майрамбек спорттон талбаган.
Толкуп көктөн күн чыккан,
Келечекте , мугалимдикти тандаган.

Тоолорго тегиз нур чачкан,
Айтолгон, аппак кыз Асема.
Байчечекей экен, гүл ачкан,
Арнаймын сага ыр дастан.

Обонуң жаңыртып ааламдын,
Ой сезими бийик адамдын.
Элиңе жакшы, из калтырып,
Өрүшүң өссүн, Асеманын.

Амалын таппай, күч арман,
Айталбай турам , Жазайым, Нурэлди.
Аттин ай! Аман- эсен болушсун!
Сыймыгы болуп элиндин.





## Бир туугандарым

Жакшылык тилеп дайым бир тууганга,
Жаркылдап жүрсө деген тилегибиз.
Бапестеп, баккан ата- энебиз,
Төрүбүздө бар болсун, алар демибиз.

Амандык тилеп, күтүп сагынышкан,
Эстейли ар убак балалык күндөрүбүздү.
Эсирген байлык үчүн таарынышкан,
Эси жок болбойлу, чабышкан.

Улуусунан үлгү алып кичүүсү,
Урматтап, сыйлоого акылуубуз.
Бар болгула, бир туугандарым,
Аман болсок, ар дайым бактылуубуз.

## Досторго

Барсыңарбы?, бирге жүргөн досторум,
Силер менен жакшы күндү тосконмун.
Эске түшүп, өткөн күндү козгодум,
Бирге жүргөндүн таасирин ойлодум.

Кайда калды, шаңкылдаган жаш курак,
Бирге жүргөн, шандуу мас курак.
Ошол күндү, эске салып дагы бир,
Өткөн кезди эстейличи жакшылап.

Кабарлашып ал- жайды сурайлы,
Кезигишип шаң салтанат куралы.
ОО, азыр биз, чоң ата, чоң эне,
Балдарга, бата берип туралы

## Кечир, кечир, кечире көр

Издегенибиз акыйкаттык аны кайдан табабыз,
Ишенгенибиз бир кудай, кудайга гана таянабыз.
Адам ата, Обо эне кетирген кемчилик деп,
Күнөөнү башкаларга коюп, жалаа жабабыз.

Элиңе калыс, бол деп башчы коёт,
Бийлик, байлыкка жеткен соң, унутуп кёт.
Кайда адилеттүүлүк, асмандабы?Аны кайдан издейбиз!?
Себебин таппай, бири- бирибизди жек көрүп келебиз!

Кыямат күнү бар, алла дегин деп эскертип келет,
Аалымдар ар бир жанга, зар какшап үн салып келет.
Эмне үчүн ааламатты, кыяматты күтөбүз!
Дүйнөдө адилеттүүлүктү издеп, күтүп жүрүп өтөбүз!

Калыстык кайда ,издейм, таппай келем,
Жараткандан баарына, ырыскы бер деп тилеп келем.
Оо, жараткан кыяматты, алыс кыла көр!
Адамзаттын күнөөсүн кечир, кечир, кечире көр!





## АВТОРДУН СҮРӨТ АЛЬБОМУНАН



Ысык-көл
2010-жыл



Ош шаары Мамакеив
Санаториясы 2012-ж





Жалал-Абад курорту
17-06-2016



Атасы Жапан менен




Апасы Талбүбү менен







Жолдошу Мукаш менен Ош 1998 ж.



Уулум Кыял, кызым Нурмира



Акын, жазуучу Т. Нурманбетов менен



«ЭлТР»дин мыктысы
төш белгисин алган учуру Б. Бекешов







Бир туугандарым жана балдарым



Бир туугандарым балдар, кыздары менен
Чаткал р/у 2002-жыл.



Кызым Мукаш кызы Нурмира менен
Арсланбап 2013-жыл



Мирхамит кызы Мунара, Мухидин кызы Асема
Ош шары 2015-жыл





## Мазмуну


Ааламдын амандыгын тилеген акын 3
Таалайлуу элдин таланттуу кызы 6
Чыңгызга 10
Сулайман тоо, даңкталган тоо 11
Кыргызды кудай колдогон 12
Калыс бол! 13
Жакшы кыздар 14
Махабат ыйык- сезим 14
Бар. 15
Бар тилегим. 16
Жарата берсин. 16
Булбул. 17
Ааламдын ээсине. 17
Ыр дүйнөсүн. 18
Нурмирага. 18
Мезгил өттү. 19
Асылым. 19
Гүл сунам. 20
Көтөрө бил. 20
Атам. 21
Тирүүлүк. 22
Тирилик. 23
Жаздын таңы. 23
Өкүнүч көптүр ичимде. 24
Салам берем, күн сага. 25
Мен. 25
Арча . 26
Мүнөзүм. 26
Идирис бабам, Сары Челек, Арашан. 27
Мен жолуктум. 28
Сен менен. 28
Ичи тар. 29
Гүлдөр. 30
Жолуккам не… 31
Түшүмө дайым киресиң. 31
Калыстык коштойт. 32
Муун келди 33
жакшы из калс дейм 33
Касиеттүү Идырыс пайгамбар. 34
«ЭлТР» дайым эл менен. 34

Улуулар-муун күзгүсү 35
Керемет 35
Жан дүйнөм жакшылыкты көздөгөн. 36
Шүгүр, шүгүр, шүгүр. 37
Жараткан кудай жалгаган. 37
Жашоо. 38
Убакыт аз. 39
Өмүрүң –учкан кушда, атылган ок. 39
Жакшы адам бар. 40
Айып көрбө. 41
Калыс болдум. 41
Келбедиң. 42
Ак дилин ар дайым мага дем. 42
Жаштык ай. 43
Сулууга. 43
Турмуш кызык. 44
Нооруз келди. 44
Жаз. 45
Сакталсын дилдеги тунук сезим. 45
Апама. 46
Турмуштун ачуусу бар, татуусу бар. 46
Ойлон. 47
Сагынып жүрөм. 47
Кечирип кой. 48
Белгисиз күтүү. 48
Жаз жамгыры. 49
Жаз келди. 49
Күткөн жүрөк. 50
Сен жөнүндө. 50
Бул турмушта. 51
Сезбедиң сен. 51
Сүйүү келеби да, кетеби?... 52
Жаңылбаган кимиң бар? 53
Таза бойдон калсынчы.. 53
Күтүп келем.. 54
Өмүр өтөт. 54
Кечиккен сүйүү. 55
Эне. 55
Ак тилек. 56
Сирен гүлү. 56



Өмүрүмдүн кадырын баарыбыз билели 57
Кыял уулума. 58
Короз. 59
Сагынам. 59
Мен аялмын. 60
Бирөө бар. 60
Ак булуттар. 61
Өзүң бил. 61
Сахна. 62
Тамшантып турсун табият. 62
Маркум.инимМахмутка. 63
Кызыма. 63
Бир туугандарымдын балдарына. 64
Бир туугандарым. 65
Досторго. 65
Кечир, кечир, кечире көр. 66
Автордун сүрөт альбомунан 67

**Айбарчын Сыдыкова**

# Махабат-ыйык сезим

Редактору :Самидин Стамбеков.
Корректору:Нурмира Мукаш кызы
Тех редактору:Нурмуханмед Жакиев
Компьютерде жасалгалаган
жана терген: Кыял Мукаш уулу,
Нурмира Мукаш кызы

Басууга 05.07.2017-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1\16.
Көлөмү 4,75 басма табак.
Нускасы 200. Буюртма № 617

«Ошбасмакана» АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209



**Он сегиз миң ааламдын ичинде ак куулардын сүйүүсүндөй суудай мөлтүр, сүттөй таза, алтындай кымбат, гүлдөй үлпүлдөк, абадай салкын, таза наристедей жап-жаш ыйманы ыссык, ыйык, көк асмандай бийик, сезим эч кимде жок.**